DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Амиракулова Н.Н., Кожобекова Н.К.*

# БОЛОЧОКТОГУ АДИСТЕРДИН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУСУНДАГЫ «МАНАС» ЭПОСУНУН ОРДУ

*Амиракулова Н.Н., Кожобекова Н.К.*

# РОЛЬ ЭПОСА «МАНАС» В ФОРМИРОВАНИИ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ

*N.N. Amirakulova, N.K. Kozhobekova*

# THE ROLE OF MANAS EPIC IN THE DEVELOPMENT OF ETHNO-COMPETENCE IN FUTURE SPECIALISTS

*УДК: 398*

*Бул макалада болочоктогу адистердин этномаданий компетентүүлүгүн калыптандырууда «Манас» эпосунан алынган идеялар жана компетенттүүлүк жөнүндө сөз болот. «Манас» эпосунан алынган идеялар, ата-бабалардын аздектеп колдонуп келген улуттук маданий дөөлөттөрү менен салт-санаалардын, турмуштук тажрыйбаларын бекем сактоо менен гана чектелип калбастан аларга таянып билим алуу жана компетенттүүлүк жөнүндө жазылган. Болочоктогу адистердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда элдик педагогикага, анын ичинен эпостогу идеяларга жөнүндө баяндалат. Эпосто келечектеги жаштарды тарбиялоо маселеси кеңири масштабда каралышы керектиги жана глобалдашуунун кыйын-кезең шартында кыргыз эли компьютерлешкен, техникалашкан күчтүү цивилизациялардын кучагына оп тартылып кетпей, жүзүбүздү сактап, журт катары, улут катары сакталып калуу үчүн даанышмандыгын, багынбас рухун, жан дүйнөсүн көрсөткөн күзгү катары баалап, даңазаланып келгендиги жөнүндө баса белгиленет. Улуу эпосту дал ушундай түшүнүүнү, бүгүнкү муундарга жеткирүү зарыл экендиги жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:** болочоктогу адистер, «Манас» эпосу, маданий мурас, компетенттүү, этномаданий, элдик педагогика, келечектеги жаштар, таалим-тарбия, рухий, идея.*

*В этой статье рассказывается о роли взятых из эпоса "Манас" идей и компетентности в формировании этнокультурной компетентности будущих специалистов. Идеи, взятые из эпоса "Манас", не только ограничивается тем, что крепко оберегает национально-культурные достояния и обычаи, жизненный опыт, следованный нашими предками, но и рассказывают об образовании с помощью них и компетентность. Также отмечается роль народной педагогики и идей в эпосе в формировании этнокультурной компетентности будущих специалистов. В эпосе особо отмечается необходимость рассмотрения проблемы воспитания будущей молодежи в широком масштабе, и то, что в трудные условия глобализации кыргызский народ не втянулся в объятия компьютеризированной и технологически сильной цивилизации, сохранили честь, и чтобы сохраниться как народ и нация, ценили свою мудрость, непокорный дух как зеркало, показывающее душу. Рассказывается о том, что именно такое понимание великого эпоса необходимо передать сегодняшнему поколению.*

***Ключевые слова:** будущие специалисты, эпос «Манас», культурное наследие, компетентные, этнокультурный, народная педагогика, будущая молодежь, воспитание, обучение, духовный, идеи.*

*This article describes the role of ideas and competence taken from the epos "Manas" in the formation of the ethnocultural competence of future specialists. Ideas taken from the epos "Manas" are not only limited by the fact that they firmly protect national cultural values and customs, life experience, followed by our ancestors, but also tell about education through them and competence. The role of folk pedagogy and ideas in the epos in the formation of ethnocultural competence of future specialists is also noted.The epos emphasizes the need to consider the problem of educating future young people on a large scale, and the fact that the Kyrgyz people did not get involved in the embrace of a computerized and technologically strong civilization in the difficult conditions of globalization, retained the honor, and in order to survive as a people and a nation, they valued their wisdom, disobedient the spirit is like a mirror showing the soul. It is told that it is precisely such an understanding of the great epic that needs to be passed on to the present generation.*

***Key words:** future specialists, epos "Manas", cultural heritage, competent, ethno-cultural, folk pedagogy, future youth, education, training, spiritual, ideas.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Биздин бүгүнкү коомубуздун келечеги кечээки ата-бабалардын аздектеп колдонуп келген улуттук маданий дөөлөттөрү менен салт-санаалардын, турмуштук тажрыйбаларын бекем сактоо менен гана чектелип калбастан аларга таянып билим алууну талап кылат.Маданий мурастарды сактоодогу жана аларды өнүктүрүүдөгү баа жеткис роль элдин өзүнө, биринчи кезекте оозеки чыгармачылыкка таандык. Алар муундан муунга чеберчилик менен берилип келген элдик эпостор, жомоктор, ырлар, макал лакаптар ж.б. Азыркы кездеги демократиялык тарбиялоонун негизги максаты-чыгармачыл, руханий бай, гумандуу инсандык алыптандыруу болуп саналат. Болочоктогу адистер биздин келечегибиз, анткени биздин коомдун келечеги жаштардын колунда. Коомдун келечеги негизинен жаштардын кулк-мүнөзү менен аныкталмакчы. Инсандын калыптанышы үчүн өткөн муундардын маданий мурастарынан, элдик педагогиканын байлыктарынан билгичтик менен пайдалануунун мааниси өтө зор. Бүгүнкү ааламдашуу доорунун заманбап талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө болбосун өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарылдыгы келип чыгууда.Мына ушул «компетенттүүлук» деген терминдин өзү эмнени туюндурат деген суроо туулат. Компетенттүүлүк- латын тилинен алынып, бизче «шайкеш, туура келүү, талаптарга ылайык келүү» дегенди туюндурат. Компетенттүүлүк - бул адамдын билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү. Т.И.Шамова «компетенттүүлүк» билимдер гана эмес, иштей билүү дагы деп белгилейт.[3-13] Бул жерде албетте, тигил же бул тармак боюнча ар тараптуу, терең билимдүү, тажрыйбалуу, абройлуу, анын ой-пикири башкалар үчүн олуттуу деп саналган адам тууралуу сөз болуп жатат. Мисалга алсак инсандын компетенттүүлүгү кандай даражада экендиги анын күнүмдүк турмушунда, кесиптик ишинде же социалдык чөйрөлөрдө тигил же бул проблеманы чече билүүдө аныкталат.

Азыркы мезгилде билим берүүнүн саясаты да кескин өзгөрүп, жанданып «Ар бир адамга билим урааны», «Ар бир адамга компетенция» урааны менен алмашып бара жатат. Дегинкиси азыр компетенттүүлүккө негизделген билим берүү дүйнөлүк масштабдагы идеология. Бүгүнкү бүтүрүүчү кесиптик чөйрөдөгү этномаданий компетенциялуу адистин образы катары каралышы керек. Ал эми болочоктогу адистердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда элдик педагогикабызга, анын ичинен «Манас» эпосундагы айрым бир идеяларга токтолсок. Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, жоболорун, кыргыздын болочоктогу адистерине улуттук педагогикалык тарбия-таалим берүүчү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот. Эпос түрдүү тарыхый доорлордо өзүнүн тарбиялык, идеялык маанисин жоготкон эмес. Тескерисинче, адамзат турмушундагы топтолгон тажрыйбаларды, салттуу илим-билимдерди өз боюна сиңирип, акылмандыктын энциклопедиясына айланган. Улутубуздун сыймыгы болгон улуу «Манас» эпосун келечектеги жаштарды тарбиялоо маселесин кеңири масштабда карашыбыз керек. Глобалдашуунун кыйын-кезең шартында биз кыргыздар компьютерлешкен, техникалашкан күчтүү цивилизациялардын кучагына оп тартылып кетпей, өз жүзүбүздү сактап, канткенде журт катары, улут катары сакталып калабыз? Биз мына ушуну ойлонушубуз керек. Кыргыз элинин күч-кубатын, эрк-кайратын, даанышмандыгын, багынбас рухун, айкөл жан дүйнөсүн көрсөткөн күзгү катары баалап, даңазалап келишти. «Манасты» дал ушундай түшүнүү, туюнууну бүгүнкү муундарга жеткирүү зарыл. «Манас» эпосунун эң негизги багыты - адамды жакшы сапаттарга тарбиялоо, адилеттикти, чынчылдыкты, баатырдыкты, мекенчилдикти, жакшылыкты даңазалоо экендиги баарыбызга маалым. Анын идеясы маани-маңызы түбөлүктүү. Ошондуктан келечектеги адистердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда мына ушундай көөнөрбөс идеяларга басым жасашыбыз керек. «Манас» - кыргыз элинин тарыхы, маданияты жана педагогикасы десек жаңылышпайбыз. Дегеле «Манас» эпосу жалпы адамзаттык универсалдык дөөлөт болуп саналат. «Манас» эпосун жана «Манас таануу» предметин окуу менен болочоктогу адистердин этномаданий компеттенттүүлүгүн калыптандырууда айкөл Манастын адептик-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрүн биз алсак болот. **Манас баатырдын идеясы –** кыргыз элинин тээ байыртан бери келе жаткан көңүлүнүн түпкүрүндө, жүрөгүнүн толтосунда туу тутуп келаткан, эч нерсеге алмаштыргыс ыйык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



идеясы-бул ак калпак калктын азаттыгынын, эркиндигинин көз каранды эместигинин, эл-журт үчүн Ала Тоо үчүн кызмат кылуу идеясы - керек болсо кайран жанды курман чалуу идеясы. «Манас» эпосу ушундай бийик жана улуу мекенчил идеяларды илгертен өзөгүндө «сары майдай сактап, көк асабадай желбиретип», көтөрүп укумдан-тукумга өткөзүп келе жатат. «Манас» эпосу ошон үчүн улуу,түбөлүктүү, көнөрбөс ар дайым актуалдуу. Манастын Ата Журттун алдындагы анты:Алты сан аман турганда Ыйык кыргыз жеримди, Душмандын буту баскыча асылкыргыз элимди, Тебелетип бөтөнгө Кор кылып карап жаткыча Туулбай туна чөгөйүн, Тирүү жүрбөй өлөйүн Аткарбастан антымды Төшү түктүү жер урсун! Көкө Теңир өзү урсун [1,48].

Бул саптар ар бирибиз үчүн маанилүү, анткени ушул ар бир сөздүн артында көөнөргүс кенч, айтылып бүткүс эрдик, эл үчүн өзүнүн жанын аябаган курмандыкка чалуу, мекенчилдик, сөзүнө болгон бекемдик айткан сөзүн аткара билүүчүлүк сыяктуу «төрт тарабы төп келишкен» инсанга тиешелүү асыл сапаттар жатат. Анан кантип ушундай сапаттар жаш муундарды ойготпой койсун. Бул нерсе ар бир адамды патриоттуулукка, Ата Мекендин коргоочусу болууга элин-жерин көздүн карегиндей сактоого тарбиялайт. Мына ушундай кыргыз элинин көз карандысыздыгы, эркиндиги Манас үчүн ыйык болгон. Ушул ыйык баалуулук, таалим-тарбия муундан-муунга өткөрүлүп турган. Биз дагы болочоктогу адистерди этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда жогорудагы Манас атабыздын идеясын туу тутуп жүрөгүбүздүн тереңине ушул идеяны сактасак ар бир кыргыз баласынын «генетикасында» жашаса, Ата Журттун эркиндиги идеясы «жүрөк кагып» турса анда биз максатыбызга жеткен болот элек. «**Манас» эпосундагы дагы негизги идеялардын бири - улуттун биримдиги болуп эсептелет**. Кыргыздардын биримдиги жоктугунан басып кирген жоолордон жеңилип, чабылып, чачылгандыгынан улам Бакай Манаска «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», – деп насаатын айтчу. Манас кичинесинен кырк жигит топтоп, катылгандын катыгын берип, өзү барып бөтөнгө тийишпей, орунсуз иш кылгандардын катыгын берип, алардан өзэлин сактап, кыргыздарды ынтымакка алып келип, чачылганды жыйнап, үзүлгөндү улаган. Азыркы биздин заманыбызда дагы ушул идеяны туу тутуп биригип, урууруу, жердеш, түндүк-түштүк деген бөлүнүүлөрдү токтотуп, «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарсак», улуттун биримдигин сактап, келечектеги муундарыбызга өткөрүп бергенде гана кыргыз эли өсөбүз, өнүгөбүз. Ал үчүн маданий мурастарыбызды эч качан унутпашыбыз керек. **Манас баатырдын мекенчилдиги -** менен биз менкечил жаштарды тарбиялайбыз. «Атым өчүп калбайбы, атамдан калган Ала-Тоо, Алтайдан калбай албасам» - деп Манас дайыма толгонуп турат. Өзүнүн Ата Журту бирөөлөрдүн бийлиги алдында калганына чычалап, ичи өрттөнүп, санаа чегет. «Атамдан калган жеримди, алдырып коюп Кытайга, аңкайып кантип турамын» - дейт Манас. «Кызыктуу жерди алдырып, кыргыз уулу болгончо, кырылып жатып калалы, кайтарып жерди албасак, кан жөткүрүп калалы» - дейт шер Манас. «Кулаалы жайып куш кылуу, куранды жыйып журт кылуу» - Манастын көксөгөн мүдөөсү, жүрөгүндө уялаган улуу идеясы болгон [4-5].

Биз өзүбүз жана келечектеги жаш муундарыбызга да бүт жапа тырмак Ала-Тоонун эгемендүүлүгү, ак калпак кыргыздын биримдиги жөнүндөгү идеяны-түндүгүбүзгө Манас эпосу сыяктуу кыр уук кылып сайышыбыз керек. Ошондо гана биздин кыргыз улутубуз жана Кыргызстан мекенибиз күч кубаттуу жана кебелбес, жеңилбес болмок. Мына ушундай Манас атабыз туткан идеяны биз дагы тутсак, күнүмдүк жашоону, бийликти гана ойлобостон, келечекти жана келечектеги жаш муундарды ойлосок, өзүбүздүн жерибизге ээ болсок, чек араларыбызды бекемдеп, жерлерибизди сатпай Манас атадай ак эткенден, так этип турсак гана, бизге эч ким тийише алмак эмес. Ошондо гана биз келечекке жакшы кадам таштаган болот элек. **Эпосто дагы бир идея- улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтыкты бекемдөө болуп саналат.** Манастын колу канча улуттан тургандыгынын жана алар эли-жерин душмандардан коргоодо кандай ынтымакта экендиги төмөндөгү саптардан көргөзүп турат. Урушмакка аскерин Урган таштай күүлөтүп Түркуулунан түк калбай Канкор Манас баш болуп Катагандынкан Кошой Казактардан эр Көкчө Элемандын Төштүгү Эштектердин Жамгырчы Жедигердин Багышы Жеткир чалдын Агышы Кара жаак эр Үрбү Куруштардын Мунары Жер кендиктин Арсланы Жер жайнаган мусулман Калаадан чыгып турушту [322-323б С.О.] Республикабызда жашаган улуттардын достугу, кызматташтыгыбыз эртеңки биздин келечегибиз болгон жаш муундарды эл достугунун духунда тарбиялоого, патриоттук сезимин өстүрүүгө, ынтымакка багыт берүүгө, башка өлкөлөр

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



менен достукта жашоого жасаган ар бир аракетибиз, жаш муундар үчүн жакындан жардам болмокчу. **Эпостогу Улуттук ар намыс жана патриоттук сезим идеясы** Эпосто Манас өзүмдүк ар намысын бекем туткан патриот инсан. Атадан не үчүн туула-мын, Аманат жаным чыкканча, Намыс жолун куба-мын! Ар намысты аздектөө касиети эпосто бир гана Манаска эмес, Кошой, Бакай, Алманбет жана кырк чоро менен кошо кыргыз элине да тиешелүү болгон. Элдин ар намысын сактоо үчүн тикесинен тик туруп, кызмат кылып жан аябай даяр болушкандыгы эпосто көрүнүп турат. Ошондуктан эпосто «Эр намысы-эл намысы» идеясы өлкөбүздө жашаган ар бир атуулу-нун ар намысы анын абийиринен жаралып, өзү туулуп өскөн Ата Журтун сүйүү жана жан дилибиз менен кызмат кылуу биздин парз. **Манастын өзгөнү бооруна тартып, өз кыла билүү билгилиги** Манас дүйнөдөгү эң айкөл интернационалист каарман. «Манаста» адам тегине, улутуна, рассасына карап эч качан бааланбаган.Манастын кырк чоросу ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү болгон. Манастагы Алманбет менен Манастын достугун биз төмөндөгү мисалдардан баамдап көрсөк болот. Биринчи көргөн, өзү тааныбаган Кытайлык Алманбетке Манас өзүнүн Аккуласын, Аккелтесин, Аккүбө тонун жана Ачалбарс кылычын тартуулап жоомарттыгын көрсөтөт [1, 63]. Алманбет издеген идеалын Манастын айкөл дүйнөсүнөн табат. Манастай айкөл боло билсек, жан дүйнө жагынан март боло билсек, өзгөлөр биздин кучагыбызга тартылат, мээримибизге жылынат. Манас атабыздын өзгөлөрдү өз кыла билүүсү бүгүнкү Кыргызстандын ички жана тышкы саясаты үчүн аба менен суудай зарыл нерсе. **Манастагы эмгек тарбиясы** – «Эмгек кыл балдар, эмгек кыл акыңды эмгек кайтарат, арыганы семирет, ачкан курсак тоюнат» - деген осуяты эске түшөт. Ошон үчүн кыргызда «Баланы башынан үйрөт, чырпыкты жашынан ий», «Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр» – деген даанышман макалдар жаралып келген. Чындыгында, Манасатабыздын адам болуп жаралышында, калыптанышында эмгек зор роль ойногон. Бала кезинде Манас Ошпур койчунун мектебинен өткөн. Демек баланы адам катары калыптандыруунун, атуул катары жетилтүүнүн бирден бир жолу эмгек. «Эмгегиң менен элге жак», «Жаш кезинде жаркылдап, калкыңа тийсиң керегиң» – дейт тоо булбулу Токтогул. Жаштарды тарбиялоо ишинин негизинде идеялык пайдубал катары эмгек алынышы шарт. Биз болочотогу адистерибиздин этномаданий компетентүүлүгүн калыптандырууда «Манас» эпосунан көптөгөн рухий, моралдык-философиялык, патриоттук нарк дөөлөттөрдү алсак болот. Жогоруда айтылган ,азыр айтыла турган, жана айтылбай калган көптөгөн асыл нарктарды «Манас» эпосунан тапсак болот. Маселен, Манастын айкөлдүгүн, ар намыстуулугун, боорукерлигин, кемчилигин моюнга ала билгендигин, сынчылдыгын, кеңешчилдигин, кечиримдүүлүгүн, сабаттуулугун, ыймандуулугун биз жаштар өздөштүргөндө гана «төрт тарабы төп келишкен» инсан болобуз. Ошондо гана этномаданий компетенттүүлүгүбүз калыптанат, жан дүйнөбүздү дайым өзүбүздүн элдик мурастарга суугарып турганда гана улуттук колоритибизди жоготпой, компетенттүү инсан болуп калыптанабыз.

Инженерге, юристке, врачка «Манас» эпосунун жана «Манастаануу» предметинин кереги жок дегендерге айтаар элем билимдүүлүк, кесипкөйлүк, адистик профессионал болуу деген жакшы. Бирок жалгыз профессионалдуулук эле тагдырды чечпейт. Билимдүү болуу, адис болуу, атуул болу дегенди дайыма эле түшүндүрө бербейт. Бүгүнкү күндө Ата мекенинин кайгы муңуна кайдыгер, кайсы өлкөдөн пайда чыкса, ошол жактын жарандыгын алып кете берген дипломдуу «күн тийген жердин күкүктөрүн» эгоистерди, өзүнүн «Бугу энесине» ок атып өз бешигин бүлүндүргөн «Момундарды», «Орозкулдарды» көрүп турабыз [2,15].

Бизге мындай билимдүү адистердин кереги барбы? Демек кесипкөйлүүлүк бизге гарант эмес экен. Демек биздин жогорку окуу жайларыбызда басым коюлуп жаткан ошол адистик, жогорку билим түздөнтүз бийик адамдык аруу сапаттар, атуулдукар намыс, эл-жерим деген жаран азаматтык, уулдук күжүрмөн рух-кайрат калкыбыздын социалдык генетикасында илгертен жашап келе жаткан айкөл Манастын улуу патриотизми менен айкалышуусу эгемендүү жаш мамлекетибиз үчүн аба менен суудай керек. Манастагы идеялык рухий ыйык дөөлөттөр - кыргыз элинин жүрөгү. Биздин билим берүү системабызда ушул «элдик жүрөк» дайыма дүкүлдөп согуп тууруга тийиш. Билим берүү системабыз акыл-эсинде дүйнөлүк илим-билим, дүйнөлүк технология, экономика орун алган, ал эми дилинде, жан дүйнөсүндө болсо, Манастын, Курманжан Датканын, Исхак Раззаковдун руханий наркы, мекенчилидиги, атуулдук адеп-ахлагы келечектеги муундарды окутуп, тарбиялап жетилтип турса гана Ата Журтубуздун боосу ар дайым бекем болуп, улутубуздун ташы өйдө куламак. Сөзүбүздү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жыйынтыктап жатып дагы бир жолу айталы. Биздин максат - Япония, Кытай, Туркия өлкөлөрү сыяктуу дүйнөлүк жаңылыктарды өздөштүрүп, экономиканы да өнүктүрүп, улуттук колоритибизди, жүзүбүздү сактап келечекке баруу. Өзүнүн өзөк тамырынан ажырап калган дарак жалбырагы эч убакта башкага жалгашып, көгөрүп көктөй албайт. Дарактын түпкү тамырынан өмүр алып турган жалбырак гана тышкы дүйнөнүн насиптерин: абаны, күндү ж.б. азыктарды кабыл алып, өсүүгө жөндөмдүү келет. Этнос өзүнүн ички руханий ресурстарын активдүү түрдө кыймылга келтирип, алардын тамырларына дайыма суу куюп гүлдөтүп турса, улут катары өз бетинчелигин сактап кала алмак. Улуу Ф.Достоевский мындай дейт: «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз,эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт». Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутуңдун алдындагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес: Биздин аңызыбыз, кыртышыбыз, рухий азыгыбыз - «Манас». Биздин улуттук кайра жаралуубуз Манас рухун өздөштүрүү аркылуу болмокчу [2, 16]. Бүгүнкү коомубуздун адеп-ахлак кризисине дуушар болгондугу чындык. Азыр жаштардын интеллектиси, маалыматтуулугу, кругозору өнүгүп, ал эми алар руханий-ыймандык жагынан артта калып жатышат. Бүгүнкү күндө да жогорудагы түбөлүктүү рухий-ыймандык дөөлөттөр таалим-тарбиянын мазмуну үчүн табылгыс ресурс, көрөңгө гүл азык. Эгерде биз болочоктогу адистерибизди ушундай баалуулуктар менен жан дүйнөсүн асылдандырууга, азыктандырууга жетише алсак, анда бул суверендүү Ата Журтубуздун моралдык жактан тазарышынын, өркүндөшүнүн жана анын жаркын болочогунун кепилдиги болмок.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. «Манас» эпосунунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. - Б., 2014.
2. Кыргыз адабияты (Антология) I том. - Б., 2012.
3. Лебедев О.Е. Копетенский подход в образовании Школьные технологии. - 2004. - №5.
4. Үкүева Б. Манас таануу. - Ош., 2013.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Миңбаева К.Б.**